**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**
Большевик айылы, К.Адышов к.-4

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**
с.Большевик ул.К.Адышова-4

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

Т О К Т О М

14.10.2025-жыл. № 10/1 Кум Арык айылы.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-сентябрындагы «IV Элдик Курултайды өткөрүү" – жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 23-сентябрындагы "Кезектеги IV Элдик Курултайды өткөрүү жөнүндө"№270 Жарлыгына жана Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо,Элдик Курултайдын Улуттук кеңешинин2023-жылдын 16-декабрындагы №16 чечими менен бекитилген "Элдик курултайдын шайлоо тартиби жөнүндө" Жобосуна ылайык 2025-жылдын 22-23-декабрында Бишкек шаарында өтүүчү IV Элдик Курултайга Жоош айыл өкмөтүнөн делегаттарды шайлоо максатында,Жоош айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 мыйзамынын 61-62- беренелерин жетекчиликке алып, ошондой эле Жоош айылдык кенешинин катчысы А.Гайыповдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10 -сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын 2025-жылдын 1-ноябрь күнү саат 10-00гө чакырылсын. Кезектеги Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоо боюнча өкүлчүлүктүү жыйын Жоош айыл өкмөтүнүн Кум Арык айылындагы Маданият үйүндө өткөрүлсүн.
2. Жоош айыл өкмөтүндө Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планы №1 тиркемеге ылайык бекитилсин жана бекитилген иш- чаралар планына ылайык тийиштүү иш алып барылсын.
3. Жоош айыл өкмөтүнүн өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарын шайлоо үчүн айылдарда жыйындарды откөрүү графиги жана айылдык кеңештин жооптуу депутаттары №2 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Жоош айыл өкмөтүнүн айылдарында 2025-жылдын 1-ноябрында өткөрүлүүчү өкүлчүлүктүү жыйынга квота боюнча 150 катышуучунун санын айылдарга бөлүнүшү №3-тиркемеге ылайык бекитилсин.
5. Жоош айыл өкмөтүнүн айылдарында кезектеги IV Элдик Курултайга катышуучу делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы №4-тиркемеге ылайык бекитилсин.
6. Жоош айыл өкмөтүндө кезектеги IV Элдик Курултайдын делегаттарын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча түзүлгөн жумушчу топ жана айылдык кеңештин жооптуу депутаттары айылдарда өтүүчү жыйындарды өз убагында өткөрүлүшүн камсыз кылышсын.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө ка

Төрага А.Л.Зулпукаро

Жоош айылдык кеңешинин VIII-чакырылыш кезексиз 10-сессиясынын №10/1 токтомунун №4тиркемеси

**Жоош айыл өкмөтүнүн айылдарында кезектеги IV Элдик курултайдын делегаттарын шайлону уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы**

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду |
|---|---|---|
| 1. | Зулпукаров Адылбек Лутпиллаевич | Жоош айылдык кеңешинин төрагасы-жумушчу топтун төрагасы |
| 2. | Гайыпов Абдыкар Зулпуевич | Жоош айылдык кеңешинин катчысы-жумушчу топтун катчысы |
| **Жумушчу топтун мүчөлөрү:** | | |
| 3. | Ормонова Авазкан Чынбердиевна | Жоош айылдык кеңешинин депутаты |
| 4. | Жалалдинов Муса Мубаракович | Жоош айылдык кеңешинин депутаты |
| 5. | Самидинов Самат | Айыл башчы |
| 6. | Түмөнбаев Аданбай | Айыл башчы |
| 7. | Шопоков Мурат | Айыл башчы |
| 8. | Султанбаев Мурат | Айыл башчы |
| 9. | Маразыков Айыпхан | Жарандык активист |

**Жоош айылдык кеңешинин катчысы А.Гайыпов**

Жоош айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз 10-сессиясынын №10/1 токтомуна №1 тиркеме

**Жоош айыл өкмөтүндө Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планы**

| | Иш-чаралардын мазмуну | Мөөнөтү | Аткарууга жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жергиликтүү кенеш тарабынан ЭлдикКурултайдын делегаттарын шайлоо боюнча ,Өкүлчүлүктүү коомдоштуктун жыйындар жөнүндө чечимди сессияда кабыл алуу:<br>- Өкүлчүлүктүү жыйындын убактысын жана өтүүчү жерин аныктоо;<br>Элдик Курултайды уюштуруу боюнча иш-чаралар планын бекитуу;<br>-өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн санын квотага ылайык бекитүү; өкүлчүлүктүү жыйындарды өткөрүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктарды тиешелүү аймактарга, бөлүктөргө бөлүү ченемдери;<br>-жыйындарды жыйналыштарды өткөрүү графигин бекитуу; -жергиликтүү коомдоштуктун жыйындарын өткөрүүгө жооптуу айылдык кецештин депутаттарынын тизмесин бекитуу;<br>-жыйындарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамын бекитуу;<br>-кабыл алынган чечимдер боюнча протоколдорду түзүү. | 2025-жылдын 15-октябры. | Жоош айылдык кенеши |
| 2 | Айылдарда өтүүчү Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо боюнча маалыматтард эл арасында жайылтуу, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | 2025-жылдын 1-октябрынан 14-октябрына чейин | Жумушчу топ |
| 3 | Айылдарда Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдү көрсөтүү боюнча жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарын өткөрүү | 2025-жылдын 17-24-октябрь күндөрү | Жумушчу топ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4 | Жоош айыл өкмөтүндө өтүүчү өкүлчүлүктүү жыйынга делегаттарды катыштыруу | 2025-жылдын 1-ноябрь (ишемби) күнү | Жумушчу топ |
| 5 | Жумушчу топко жергиликтүү коомдоштуктардын жыйындарьгнын протоколдорун жана өкүлчүлүктүү жыйында шайланган делегаттардын толтурулган анкеталарын уюштуруу комитетине жөнөтүү | 2025-жылдын 3-ноябрына чейин | Жумушчу топ |

**Жоош айылдык кеңешинин катчысы:** **А. Гайыпов**

Жоош айылдык кеңешинин VIII-чакырылыш кезексиз 10-сессиясынын №10/1 токтомунун №2 тиркемеси

**Жоош айыл өкмөтүнүн өкүлчүлүктүү жыйынына делегаттарды шайлоо үчүн айылдарда жыйындарды өткөрүү графиги жана айылдык кеңештин жооптуу депутаттары**

| № | Айылдардын аталышы | Өткөрүү жайы | Элдик жыйындын өтүүчү жайы | Убактысы | Жооптуу айылдык кеңештин депутаттары |
|---|---|---|---|---|---|
| | Гайрат | Гайрат орто мектебинин жыйындар залы | 19 .10.2025 | 10:00 | Абдуллаев Калбек жооптуу,айылбашчы,мектеп директору,бала бакча.жет.депутаттар. |
| 2. | Агартуу | Агартуу орто мектебинин жыйындар залы | 17.10.2025 | 14:00 | Батыров Нургазы жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 3. | Калинин | Калинин айылынын маданият үйү | 18.10.2025 | 10:00 | Жоробекова Айгүл жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 4. | Маданият | Маданият орто мектебинин жыйындар залы | 18.10.2025 | 14:00 | Калкожоева Урумкан жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 5. | Кызыл-Сарай | Кызыл-Сарай орто мектебинин жыйындар залы | 20.10.2025 | 10:00 | Досуева Нартажи жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 6. | Кызыл-Кошчу | Ж. Бөкөнбаев орто мектебинин жыйындар залы | 20.10.2025 | 14:00 | Борубаев Улан жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 7. | Большевик | Большевик айылынын Маданият үйү | 17.10.2025 | 10:00 | Муратова Гулкайыр жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 8. | Зарбалик | Зарбалик орто мектебинин жыйындар залы | 21.10.2025 | 14:00 | Жалалдинов Муса жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 9. | Мамажан | Бердибеков орто мектебинин жыйындар | 23.10.2025 | 10:00 | Назаева Санабар жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | залы | | | |
| 10 | Коммунизм | Коммунизм орто мектебинин жыйындар залы | 22.10.2025 | 14:00 | Калбай уулу Манас жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 11 | Питомник | Питомник орто мектебинин жыйындар залы | 23.10.2025 | 10:00 | Акматова Бактыгүл жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 12 | Ак-Жар | З. Төрөбеков орто мектебинин жыйындар залы | 23.10.2025 | 14:00 | Залов Алмаз жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |
| 13 | Бирдик | Бирдик орто мектебинин жыйындар залы | 24.10.2025 | 10:00 | Жаанбаева Алмагүл жооптуу, айыл башчы,мектеп директору, Бала бакча.жет.депутаттар. |

**Жоош айылдык кеңешинин катчысы** **А.Гайыпов**

Жоош айылдык кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10-сессиясынын №10/1 токтомунун №3тиркемеси

**Жоош айыл өкмөтүнүн айылдарында 2025-жылдын 1-ноябрында өткөрүлүүчү өкүлчүлүктүү жыйынга квота боюнча 150 катышуучунун санынын айылдарга бөлүнүшү.**

| № | Айылдардын аталышы | Калкынын саны | Өкүлчүлүктүү жыйынга катышуучу өкүлдөрдүн саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Гайрат | 3011 | 14 |
| 2 | Агартуу | 2457 | 11 |
| 3 | Калинин | 2938 | 14 |
| 4 | Маданият | 3340 | 15 |
| 5 | Кызыл-Сарай | 1688 | 8 |
| 6 | Кызыл-Кошчу | 3098 | 14 |
| 7 | Большевик | 4732 | 21 |
| 8 | Зарбалик | 2063 | 10 |
| 9 | Мамажан | 3707 | 17 |
| 10 | Коммунизм | 1103 | 5 |
| 11 | Питомник | 1698 | 8 |
| 12 | Ак-Жар | 1473 | 7 |
| 13 | Бирдик | 1121 | 6 |
| | **Жалпы:** | **32625** | **150** |

**Жоош айылдык кеңешинин катчысы А.Гайыпов**

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**

Большевик айылы, К.Адышов к.-4

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**

с.Большевик ул.К.Адышова-4

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

Т О К Т О М

14.10.2025-жыл. № 10/2 Кум Арык айылы.

**Элеттик аялдардын күнүн өткөрүү,ишкердүүлүктү өнүктүрүү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча аткарылган иштер жөнүндө.**

Жоош айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адиси Г.Ормонованын “Элетик аялдардын күнүн өткөрүү,ишкердүүлүктү өнүктүрүү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо” боюнча аткарылган иштер боюнча билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10 -сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жоош айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча адиси Г.Ормонованын “Элеттик аялдардын күнүн өткөрүү, ишкердүүлүктү өнүктүрүү, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо” боюнча аткарылган иштер боюнча билдирүүсү эске алынсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жаштар иштери, спорт, социалдык-маданий, билим берүү, миграция, туризм, саламаттыкты сактоо жана маданият боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага А.Л.Зулпукаров

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**
Большевик айылы, К.Адышов к.-4

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**
с.Большевик ул.К.Адышова-4

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

Т О К Т О М

14.10.2025-жыл. № 10/3 Кум Арык айылы.

**Жоош айыл окмотунун социалдык- экономикалык өнүгүү стратегиясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Жоош айыл өкмөтүнүн проектилер менен иштөөчү адиси Асилбек уулу Бекназардын Жоош айыл окмотунун социалдык- экономикалык өнүгүү стратегиясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10 -сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жоош айыл окмотунун социалдык- экономикалык өнүгүү стратегиясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуш колдоого алынсын жана Жоош айыл окмотунун 2025-2030-жылдарга түзүлгөн социалдык- экономикалык өнүгүү стратегиясы, өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен бекитилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштъъ, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага А.Л.Зулпукаров

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**

Большевик айылы, К.Адышов к.-4

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**

с.Большевик ул.К.Адышова-4

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

## Т О К Т О М

14.10.2025-жыл. № 10/4 Кум Арык айылы.

**Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылындагы көп кабаттуу үйдүн короосун абаттоо,жаңы ажаткана куруу үчүн даярдалган долбоорду,артыкчылыктуу долбоор деп табуу жөнүндө**

Жоош айыл өкмөтүнүн проектилер менен иштөөчү адиси Асилбек уулу Бекназардын Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылындагы көп кабаттуу үйдүн короосун абаттоо,жаңы ажаткана куруу үчүн даярдалган долбоорду,артыкчылыктуу долбоор деп табуу жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10 -сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылындагы көп кабаттуу үйдүн короосун абаттоо,жаңы ажаткана куруу үчүн даярдалган долбоор,артыкчылыктуу долбоор деп бекитилсин.

2. Кара Суу райондук өнүктүрүү фондунан,Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылындагы көп кабаттуу үйдүн короосун абаттоо,жаңы ажаткана куруу үчүн даярдалган,артыкчылыктуу долбоорду колдоо үчүн 2570530 сом акча каражатын бөлүп берүү жагы суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштъъ, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага А.Л.Зулпукаров

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**

Большевик айылы, К.Адышов к.-4

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**

с.Большевик ул.К.Адышова-4

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

Т О К Т О М

14.10.2025-жыл № 10/5 Кум Арык айылы.

**Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылынын 4 км болгон ички жолдоруна асфальт төшөөгө долбоордук сметалык документтерин даярдоо үчүн даярдалган долбоорду, артыкчылыктуу долбоор деп табуу жөнүндө**

Жоош айыл өкмөтүнүн проектилер менен иштөөчү адиси Асилбек уулу Бекназардын, Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылынын 4 км болгон ички жолдоруна асфальт төшөөгө долбоордук сметалык документтерин даярдоо үчүн даярдалган долбоорду, артыкчылыктуу долбоор деп табуу жөнүндөгү билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10 -сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылынын 4 км болгон ички жолдоруна асфальт төшөөгө долбоордук сметалык документтерин даярдоо үчүн даярдалган долбоор, артыкчылыктуу долбоор деп бекитилсин.

2. Кара Суу райондук өнүктүрүү фондунан, Жоош айыл өкмөтүнүнүн Кум Арык айылынын 4 км болгон ички жолдоруна асфальт төшөөгө долбоордук сметалык документтерин даярдоо үчүн даярдалган, артыкчылыктуу долбоорду колдоо үчүн 800000 сом акча каражатын бөлүп берүү жагы суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштъъ, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага А.Л.Зулпукаров

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**

Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**

с.Кум Арык ул.К.Адышова-6

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 10-сессиясы

ТОКТОМ

14.10.2025-жыл. №10/6 . Кум Арык айылы

**Зарбалик айылындагы “Ай Бүзү” бала бакчасына 2025-2026-окуу жылына, кошумча 1- кенже топтогу 20-балага ылайык, тайпа ачууга уруксат берүү жөнүндө.**

Жоош айылдык кенешинин катчысы А.Гайыповдун, Жоош айыл өкмөтүнүн аймагындагы Зарбалик айылындагы “Ай Бүзү” бала бакчасына 2025-2026-окуу жылына, кошумча 1- кенже топтогу 20-балага ылайык тайп ачууга уруксат берүү боюнча бала бакчанын башчысы А.Кедееванын кайрылуусун жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын кортундусу боюнча билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 10-сессиясы**:**

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жоош айыл өкмөтүнүн аймагындагы, Зарбалик айылындагы “Ай Бүзү” бала бакчасына 2025-2026-окуу жылына, кошумча 1- кенже топтогу 20-балага ылайык тайп ачууга уруксат берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жаштар иштери, спорт, социалдык-маданий, билим берүү, миграция, туризм, саламаттыкты сактоо жана маданият боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров.

| Кыргыз Республикасы<br>Ош облусу<br>Кара-Суу району<br>Жоош айылдык Кенеши | | Кыргызская Республика<br>Ошская область<br>Кара-Суйский район<br>Жоошского аильный кенеш |
|---|---|---|
| Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6 | | с.Кум Арык ул.К.Адышова-6 |

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

ТОКТОМ

05.12.2025-жыл. № 11/1 Кум Арык айылы

**Жоош айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын III-кварталынын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы жөнүндө.**

Жоош айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Н.Токторбаевдин,Жоош айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын III-кварталынын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы жөнүндөгү билдирүүсүн жана бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштөө, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиянын 25.11.2025-жылдагы отурумунун протоколун жана кортундусун угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык кеңешинин 8-чакырылыш кезектеги 11- сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жоош айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Н.Токторбаевдин, Жоош айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын III-кварталынын жыйынтыгы боюнча айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы, аймактын социалдык - экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы тууралуу отчету канааттандырарлык деп табылсын.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштөө, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров.

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**
Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**
с.Кум Арык ул.К.Адышова-6

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

ТОКТОМ

05.12.2025-жыл. № 11/2 Кум Арык айылы

**Жоош айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 9-айынын аткарылышында, пландан ашыкча түшкөн 6717,7 миң сом акча каражатын жана 2025-жыл ичинде өткөрүлгөн тендерлерден эконом болгон 9341,2 миң сом акча каражаттарын кошумча статьяларга бөлүштүрүү жөнүндө.**

Жоош айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысынын милдетин аткаруучу С.Аманбаевдин, Жоош айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 9-айынын аткарылышында, пландан ашыкча түшкөн 6717,7 миң сом акча каражатын жана 2025-жыл ичинде өткөрүлгөн тендерлерден эконом болгон 9341,2 миң сом акча каражаттары кошумча статьяларга бөлүштүрүү жөнүндөгү билдирүүсүн жана бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштөө, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиянын 25.11.2025-жылдагы отурумунун протоколун жана кортундусун угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык кеңешинин 8-чакырылыш кезектеги 11- сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Жоош айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысынын милдетин аткаруучу С.Аманбаевдин билдирүүсү эске алынсын жана Жоош айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 9 – айынын аткарылышында, пландан ашыкча түшкөн 6717,7 миң сом акча каражатын, жана 2025 - жыл ичинде өткөрүлгөн тендерлерден эконом болгон 9341,2 миң сом акча каражаттары кошумча сметанын негизинде жумшалсын.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштөө, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров.

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**
Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**
с.Кум Арык ул.К.Адышова-6

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

ТОКТОМ

05.12.2025-жыл. № 11/3 Кум Арык айылы

**Жоош айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинен, артыкчылыктуу долбоорлорду колдоо үчүн, акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндө.**

Жоош айыл өкмөтүнүн проектилер менен иштөөчү адиси Асилбек уулу Бекназарга Жоош айыл ъкмът\н\н 2026-жылдагы бюджетинен, артыкчылыктуу долбоорлорду колдоо үчүн, акча каражатын бөлүштүрүү жөнүндөгү билдирүүсүн жана бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштъ, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиянын 25.11.2025-жылдагы отурумунун протоколун жана кортундусун угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык кеңешинин 8-чакырылыш кезектеги 11- сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Жоош айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы *жергиликтүү* бюджетинен, долбоорлорду колдоо үчүн:

-Жоош айыл аймагындагы чарбалык иштерди аткаруу үчүн экскаватор атайын техникасын сатып алуу үчүн, Жоош айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен өздүк салым 250 000 ( эки жүз элүү миң) сом;
- Жоош айыл өкмөтүнүн Агартуу айылындагы №43 Агартуу орто мектебине ажаткана куруу үчүн,Жоош айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен өздүк салым 284 960 (эки жүз сексен төрт миң тогуз жүз алтымыш) сом;

**- Дем берүүчү (үлүштүк) грантына даярдалган долбоорлор боюнча:**

-Жоош айыл аймагына караштуу Маданият айылындагы Кабыл Маматов көчөсүнө асфальт төшөө үчүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 3 980 368 сом;
- Жоош айыл аймагына караштуу Гайрат айылындагы Г.Бекешов көчөсүнө асфальт төшөө үчүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 3 929 113 сом;
- Жоош айыл аймагына караштуу Маданият айылындагы Бердибай көчөсүнө асфальт төшөө үчүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 890 708 сом;
- Жоош айыл аймагына караштуу Мамажан айылындагы №41 Т. Бердибеков орто мектебине жылытуу системасын орнотуу үчүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 1 284 959 сом;
- Жоош айыл аймагына караштуу Калинин айылындагы А.Оморов атындагы маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 637382 сом;
- Жоош айыл аймагына караштуу Агартуу айылындагы №43 Агартуу орто мектебине жылытуу системасын орнотуу үчүн жергиликтүү бюджетинин эсебинен 3 072 937 сом,акча каражаттары бөлүнүп берилсин,ал эми Маданият айылындагы Абдураим Айтиев көчөсүнө асфальт төшөө үчүн даярдалган долбоор, артыкчылыктуу долбоор болуп бекитилсин.

2.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестициялар, долбоорлор менен иштөө, ишкердик жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров.

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**

Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**

с.Кум Арык ул.К.Адышова-6

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

ТОКТОМ

05.12.2025-жыл. № 11/4 Кум Арык айылы

**Ар түрдүү маселелер ( № 43 Агартуу орто мектебинин атын өзгөртүү боюнча элдик жыйындын протоколун жана мектептин педагогикалык кенешмесинин чечимин кароо жөнүндө).**

Жоош айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.Гайыповдун № 43 Агартуу орто мектебинин атын өзгөртүү боюнча 24.11.2025-жылдагы элдик жыйындын протоколун жана 22.11.2025-жылдагы мектептин педагогикалык кенешмесинин чечимин кароо жөнүндө жана ат коюп берүү боюнча26.11.2025-жылдагы А.Эркебаевдин арызы менен тааныштырды жана жаштар иштери, спорт, социалдык-маданий, билим берүү, миграция, туризм, саламаттыкты сактоо боюнча туруктуу комиссиянын кортундусун угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII - чакырылыш кезектеги 11- сессиясы**:**

Т О К Т О М К Ы Л А Т

1.Жоош айыл өкмөтүнүн Агартуу айылындагы № 43 Агартуу орто мектебинин 22.11.2025-жылдагы кезексиз педагогикалык кенешмесинин токтому, Агартуу айылынын 24.11.2025-жылдагы жалпы элдик жыйындын протоколунун токтомунун негизинде № 43 Агартуу орто мектебине Эркебаев Акбий Эркебаевичтин атын берүүгө макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жаштар иштери, спорт, социалдык-маданий, билим берүү, миграция, туризм, саламаттыкты сактоо жана маданият боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров.

| Кыргыз Республикасы<br>Ош облусу<br>Кара-Суу району<br>Жоош айылдык Кенеши<br>Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6 | Кыргызская Республика<br>Ошская область<br>Кара-Суйский район<br>Жоошского аильный кенеш<br>с.Кум Арык ул.К.Адышова-6 |
|---|---|

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

ТОКТОМ

05.12.2025-ж № 11/5 . Кум Арык айылы

**Ар түрдүү маселелер ( Гайрат айылына балдар бакчасын куруунга 1,0 га ФПСтин суулуу жеринен ажыратууга макулдук берүү,таза суунун тарифин жогорулатууга макулдук берүү,Ак Жар айылынан № 33 контурдан 0,26 га жайыт,№ 42 контурдан 0,50 га жайыт, жалпы 0,76 га жайыт жерди мамлекеттик менчикке алууга макулдук берүү үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан өнөр, жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө)**

Жоош айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.Гайыповдун Гайрат айылына балдар бакчасын куруунга 1,0 га ФПСтин суулуу жеринен ажыратууга макулдук берүү, таза суунун тарифин жогорулатууга макулдук берүү,Ак Жар айылынан№ 33 контурдан 0,26 га жайыт,№42 контурдан 0,50га жайыт, жалпы 0,76 га жайыт жерди мамлекеттик менчикке алууга макулдук берүү үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан өнөр, жайынын,транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга макулдук берүү жөнүндө билдирүүлөр келип түшкөнүн,бул билдирүүлөр жер боюнча туруктуу комиссияга жөнөтүлгөнүн айтып өттү. Бирок жер боюнча комиссия толук карап кортунду бере электигин айтты. Жоош айылдык кеңештин архитектура, жерге жайгаштыруу, курулуш, транспорт, жер, айыл чарба, суу чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясы жогрудагы маселелерди кароо үчүн топтоло албай жаткандыгын айтып, кийинки сессияга чейин кароону комиссиянын төрагасы Н.Жумабаев убада кылды.Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 11- сессиясы:

Т О К Т О М К Ы Л А Т

1.Жоош айыл өкмөтүнүн Гайрат айылына балдар бакчасын куруунга 1,0 га ФПСтин суулуу жеринен ажыратууга макулдук берүү,таза суунун тарифин жогорулатууга макулдук берүү,Ак Жар айылынан № 33 контурдан 0,26 га жайыт, № 42 контурдан 0,50 га жайыт, жалпы 0,76 га жайыт жерди мамлекеттик менчикке алууга макулдук берүү үчүн “Айыл чарбабагытындагы жерлер” категориясынан өнөр, жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берүү жөнүндөгү билдирүүлөр Жоош айылдык кеңештин архитектура, жерге жайгаштыруу, курулуш, транспорт, жер, айыл чарба, суу чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясында каралбагандыктан,бул маселелерди кароо кийинки сессияга калтырылсын.
2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы архитектура, жерге жайгаштыруу, курулуш, транспорт, жер, айыл чарба, суу чарба жана экология боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров

**Кыргыз Республикасы**
**Ош облусу**
**Кара-Суу району**
**Жоош айылдык Кенеши**
Кум Арык айылы, К.Адышов к.-6

**Кыргызская Республика**
**Ошская область**
**Кара-Суйский район**
**Жоошского аильный кенеш**
с.Кум Арык ул.К.Адышова-6

Жоош айылдык кенешинин VIII-чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы

ТОКТОМ

05.12.2025-ж. № 11/6 Кум Арык айылы

**Жоош айыл өкмөтүнүн, Мамажан айылындагы № 637 контурдагы 0,25 га коомдук курулуш болгон жер аянтына, таза суу чыгарган завод куруу үчүн, “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер” категориясына которууга жана муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндө.**

Жоош айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы А.Гайыповдун,Жоош айыл өкмөтүнө караштуу, Мамажан айылындагы № 637 контурдагы 0,25 га коомдук курулуш болгон жер аянтына таза суу чыгарган завод куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан Өнөр, жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга жана муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү боюнча билдирүүсүн жана Жоош айылдык кеңештин архитектура, жерге жайгаштыруу, курулуш, транспорт, жер, айыл чарба, суу чарба жана экология боюнча туруктуу комиссиясы жогорудагы маселелерди карап кортунду кабыл алгандыгын билдирди. Жогорудагы маселелерди угуп жана талкуулап чыгып Жоош айылдык Кеңешинин VIII-чакырылыш кезектеги 11-сессиясы**:**

Т О К Т О М  К Ы Л А Т

1.Жоош айыл өкмөтүнүн Мамажан айылындагы № 637 контурдагы 0,25 га коомдук курулуш болгон жер аянтына таза суу чыгарган завод куруу үчүн муниципалдык менчикке алынсын жана “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан өнөр, жайынын, транспорттун,байланыштын,энергетиканын,коргонуунун жана башка багыттагы жерлер категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы архитектура, жерге жайгаштыруу, курулуш, транспорт, жер, айыл чарба, суу чарба жана экология боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

Төрага: А.Л.Зулпукаров.